## Урматтуу кесиптештер!

Баардыгыңыздарга белгилүү болгондой, жакында Мельбурн шаарындагы (Австралия) эл аралык конференцияда "Полиция жана ВИЧ" эл аралык тармагы расмий түрдө түзүлдү.

Анын башкы милдети – эпидемияны жайылтуунун үстүнөн көзөмөл жүргүзүүгө укук коргоо органдарын тартуу, иштин топтолгон тажрыйбалары менен алмашуу, полициянын жана башкалардын арасында тренингдерди, семинарларды өткөрүү.

Бул чөйрөдө мен 1990-жылдардын аягынан бери иштеп келе жатам, Тармакты түзүүнүн бирден-бир демилгечиси болуп эсептелем, аталган көйгөй боюнча кызыктуу жана пайдалуу маалыматтарды сиздер ала турган www.LEAHN.ru веб-сайтын алып барам.

Тармакты түзүү демилгесин колдоо суранычы менен кайрыламын. Анын катышуучулары укук коргоо органдарынын (милиция, полиция, бажы) жана пенитенциардык тутумдун иштеп жаткан кызматкерлери, ошондой эле тигил же бул органда кызмат кылган ардагерлер да боло алат. Төмөндөн сиздер Киевдеги жана Мельбурндагы пресс-релиздерди таба аласыздар, ал "Полиция жана ВИЧ" Эл аралык тармагынын максаты жана милдети боюнча кеңири түшүнүк алууга жардам берет.

Анын катышуучусу болуу үчүн бул жерде тиркелген Арызды окуп коюу жетиштүү болот, эгерде анын идеясы сизге жакын болсо, мага бир гана "Колдойм" деген сөздү жазып коюңуз.

*Мындан башка жазуунун кереги жок!*

Алдын ала ыраазычылык билдирип,
Урматтоом менен –
Александр Зеличенко,PhD,
Полковник (ret), "Полиция жана ВИЧ"
Эл аралык тармагынын координатору.
+996 555 925292

**Полициялык кеңешчилердин эл аралык тобу ((ПКЭТ)**
**“Полиция жана ВИЧ” тармагы (ПВИЧТ)**

# LEAHN

## Зыяндуулукту төмөндөтүү стратегиясын жана ВИЧ-инфекцияны алдын алуу саясатын укук коргоо органдарынын кызматкерлери колдоо жөнүндө арыз

Колдоо жөнүндө бул арыз калктын аярлуу тобунун жана калың катмарынын арасында ВИЧ эпидемиясын жайылткандарга, жазык жана административдик мыйзамдардын чараларын талаптагыдай эмес колдонгондорго терс таасирин тийгизгендерге, калктын аярлуу топторун стигматизацияга жана дискриминацияга алып келгендерге коомдун натыйжалуу көзөмөлүнүн саясатын жана практикасын колдоодо укук коргоо органдарынын иштеп жаткан жана мурдагы кызматкерлери тарабынан кол коюлган.

**ВИЧке каршы аракеттенүүдө укук коргоо органдарынын ээлеген орду**

1. 1. Укук коргоо органдары коомдун саламаттыгын сактоодо жана коргоодо дайыма бирден-бир негизги орунду ээлеп келген. Ошондой эле бүгүнкү күндө ВИЧтин жайылышына бөгөт коюу коомдун саламаттыгын коргоонун татаал милдети болуп саналат, бул маселени чечүүдө укук коргоо органдарынын ээлеген орду өзгөчө мааниге ээ. Зыяндуулукту төмөндөтүү саясаты жана практикасы бул чакырыкка ажырагыс жооп катары берилет, дүйнөнүн бардык региондорунда ВИЧ эпидемиясынын жайылышына каршы аракеттенүүдө өзүнүн натыйжалуулугун бекемдей турган практикага прагматикалык, далилдүү жана ар кандай мамилелерди көрсөтө алат (3-тиркемени карагыла).
2. 2. Кылмыштуулукту алдын алуу жана деңгээлин төмөндөтүү, коомдук коопсуздукту чыңдоо – бул зыяндуулукту төмөндөтүү программасынын башкы максаты жана артыкчылыгы. Эгерде тобокелчил жүрүм-турум мыйзамдын чегинен чыкса, буга байланышкан зыяндан, анын ичинде ВИЧтен коомду жана аярлуу топту өзүн өзү коргоого шарт түзө турган чөйрөнү түзүү үчүн укук коргоо органдары маанилүү мүмкүнчүлүктөгө ээ боло алат.
3. 3. Укук коргоо органдары бул программаны ишке ашыруунун негизги өнөктөшү катары ВИЧти алдын алуу жана дарылоо боюнча

кызматтарга жетүүгө жеңилдетилген жана кеңейтилген мүмкүнчүлүктөргө ээ боло алат. Укук коргоо органы (өзгөчө полиция жана пенитенциардык тутумдун кызматкерлери) бул программага жигердүү катышуу менен жана аны жүргүзүүнү колдоо менен калктын саламаттыгын чыңдоого бараандуу салым кошо алат.

4. 4. Укук коргоо жана саламаттыкты сактоо секторлору коомдук коопсуздукту чыңдоо жана кылмыштуулукту төмөндөтүү аркылуу ВИЧти алдын алуунун жалпы максатына жетүүгө багытталган мыйзамдык базаны, саясатты жана практиканы иштеп чыгууда жана алдыга жылдырууда бири-бири менен өнөктөш болуп иштөөгө тийиш. Коомдук коопсуздукту чыңдоо жана кылмыштуулукту төмөндөтүү аркылуу ВИЧти алдын алуу чөйрөсүндө укук коргоо органдарынын дараметин чыңдоо мүмкүнчүлүгү бул багытта түздөн-түз биргелешип күчтөнүүдө, ошондой эле ресурстарды бир кыйла натыйжалуу бөлүштүрүү жаатында жатат.

**Негизги колдоочу принциптер**

Кол коюучу тобокел тобунун өкүлдөрү менен полициянын ишиндеги маселелерде төмөнкү принциптерди негизги деп эсептейт:

1. 1. Инъекциялык баңгизатын керектөөчүлөрдүн, секс кызмат көрсөтүүчүлөрдүн, эркектер менен секске барган эркектердин жана башка тобокел тобундагылардын арасында ВИЧтин трансмиссиясын алдын алуу боюнча кийлигишүүнү колдоо.
2. 2. Мыйзамсыз баңгизаттарды керектөөчүлөрдөн зыяндуулукту (мисалы, дозасы ашып кеткендеги өлүмдү алдын алуу) төмөндөтүүгө багытталган бардык кызматтарды колдоо.
3. 3. Адам укуктарын сактоого жана саламаттыкты сактоого негизделген секс кызматына жана секс кызматын көрсөтүүчүлөргө дуушар болгон зыянды төмөндөтүүгө багытталган (жыныстык жол менен жугуучу инфекциянын күчөшүн жана зомбулукту кошуу менен) баардык кызматтарга мамилени колдоо.
4. 4. Административдик жана жазык мыйзамдарынын ченемдерин туура колдонууну колдоо, анткени ал калктын аярлуу тобунун арасында ВИЧти алдын алуу боюнча программанын күчүн бузуп салбаш үчүн.
5. 5. ВИЧти/баңгиликти/жыныстык жол менен жугуучу ооруларды алдын алуу жана дарылоо кызматтарына тоскоолдуксуз кирүүнү камсыздоого мүмкүндүк берүү, чоңдор жана өспүрүмдөр үчүн иштелип чыккан мамилелерди кошуу менен.

6. 6. Өзүнүн мекемелеринин жана башка криминалдык юстициянын институттарынын ишинде коомдук чыгымдарды төмөндөтүү менен, аярлуу топтун өкүлдөрүнүн камакта узак убакытка болуусун төмөндөтүү менен, кошумча ыңгайсыз таасирлерден жана кылмыштуу куугунтуктоолордун зыяндуу кесепеттеринен качуу менен, альтернативдүү камакка жана кылмыштуу куугунтуктоого бардык жерде мүмкүн болуучу мүмкүнчүлүктөрдү жана мамилелерди табуу жана колдонуу.
7. 7. Ар тараптуу окууларды колдоо жана укук коргоо органдарынын кызматкерлери үчүн билим берүүчү жаңы стратегияларды түзүү, ВИЧти алдын алуу боюнча негизги кызматтарга тоскоолдуксуз кирүүнү камсыздоо боюнча ишти баалоонун саясатын жана реалисттик индикаторлорун иштеп чыгуу.

**Тиркеме**

1. 1. **Зыяндуулукту төмөндөтүү**
   "Зыяндуулукту төмөндөтүү" кеңири түшүнүктөн алганда, баарынан мурда ден соолукка тийгизген терс таасирлерди, баңгизатын пайдаланган, секс кызматын көрсөткөн адамдарда, жана башка аярлуу топтордо, алар жашаган үй бүлөсүндө жана коомчодо кездешкен зыяндуу социалдык жана экономикалык кесепеттерди төмөндөтүүгө багытталган мыйзамдарды, саясатты, программаны жана практиканы түшүндүрөт.
2. 2. **Аярлуу топтор**
   Аярлуу топторго (жашаган жерине карап, ар кандай баскычтагы) баңгизатын пайдалануучулар, секс кызматын көрсөтүүчүлөр жана алардын кардарлары, трансгендер, эркектер менен сексillке барган эркектер, качкындар, гуманитардык мүнөздөгү кыйынчылыктарга туш келген калктын тобу, камакта жүргөндөр же мурда камалгандар кирет.
3. 3. **ВИЧти алдын алууга универсалдуу, далилдерге негизделген мамилелер**
   а) Инъекциялык баңгизаттарды керектөөчүлөрдүн арасында ВИЧтин трансмиссиясын алдын алуунун универсалдуу чараларынын пакети. Булактар: ВОЗ, БУУ УНП жана ЮНЭЙДС, инъекциялык баңгизаттарды керектөөчүлөрдүн арасындагы ВИЧке байланыштуу алдын алууга, дарылоого жана кароого универсалдуу кирүүнү камсыздоонун концепциясынын алкагында максаттарды иштеп

чыгуу боюнча өлкөлөр үчүн Техникалык колдонмо (Саламаттыкты сактоонун бүткүл дүйнөлүк уюму, Женева, 2009). http://data.unaids.orq/UNA-docs/cco_idupolicy en.pdf http.//www.unodc.orq/documents/hiv-aids/icu_tarqet_settinq_quide.pdf

б) Эркектер менен сексdefinitions барган эркектер жана трансгендер үчүн колдонмо, Булактар: Эркектер менен секске барган эркектердин жана трансгендердин арасында ВИЧти жана башка жыныстык жол менен жугуучу инфекцияларды алдын алуу жана дарылоо (коомдук саламаттыкты сактоо жаатында мамилелерди иштеп чыгуу үчүн сунуштама), (ВОЗ, БУУ УНП жана ЮНЭЙДС, 2011).

в) Кирешелери төмөн жана орто деңгээлдеги өлкөлөрдөгү секс кызматын көрсөтүүчүлөрдүн арасында ВИЧти жана башка жыныстык жол менен жугуучу инфекцияларды алдын алуу жана дарылоо, Булак: Кирешелери төмөн жана орто деңгээлдеги өлкөлөрдөгү секс кызматын көрсөтүүчүлөрдүн арасында ВИЧти жана башка жыныстык жол менен жугуучу инфекцияларды алдын алуу жана дарылоо. (ЮНФПА, ВОЗ, ЮНЭЙДС, 2012).

*Кыргызстандын Милиция айымдарынын ассоциациясынын атынан Ассоциациянын Президенти, тарых илимдеринин доктору, профессор, милициянын полковниги К.Айдаркул*

*Ассоциациянын курамына 572 мүчө кирет.*